## *«Чоӊ-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы»*

**"Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплекси**



**23 СЕНТЯБРЬ 2020**

**Убактысы:**
**10:00-12:00**

*«Бир Дүйнө-Кыргызстан укуктук кыймылы», Кыргызстандын кинематографисттер союзу белгилүү журналист, кино жана телесынчысы, «Чоң-Таштын сырлары» китебинин автору Регина Хелимскаянын жаркын элесине арналган* ***«Чоң-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы»*** *аталышындагы эксперттик форумун өткөрөт.*

**Датасы: 23-сентябрь, 2020-жыл**
**Өтүлүүчү орду: "Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплекси**
**Убактысы: 10:00-12:00**

## ПРОГРАММА

**«Чоң-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы» эксперттик форуму**

**10:00-10:10** ***Нарын Айыпович Идинов***, *модератор, белгилүү журналист*
*Эксперттик Форумдун максаттары, милдеттери, демилгечилери жана уюштуруучулары жөнүндө*

**10:10-10:20** ***Курманов Зайнидин Карпекович***, *КРнын ТИМнин Дипломатиялык академиясынын проректору*
*Регина Хелимская жөнүндө. Демократия жана Кыргызстандын тарыхы*

**10:20-10:30** ***Кубатова Айида Эсенкуловна***, *КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын тарых, археология жана этнология институтунда бөлүм башчысы*
*Репрессиялар темасы жөнүндө*

**10:30-10:40** ***Болот Абдрахманов***, *“Ата- Бейит” улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин башкы илимий кызматкери, "Чоң-Таш кыргыз жарандары үчүн кандай мааниге ээ"*

**10:40-10:50** ***Байдилдеев Жумагул Рыскулбекович***, *И. Арабаев атындагы КМУ доценти.*

**10:50-11:20** ***Туугандардын баяндамалары***

**11:20-11:50** ***Жыйынтыктоочу документти талкуулоо жана кабыл алуу***
*Нарын Айып, Зайнидин Курманов жана “Бир Дүйнө”*

**11:50-12:00** **Турсунбекова Гульнара Шаабековна,**
*"Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин директору*

**Логистикалык маселелер**

Бишкек шаарынан чыгуу: 08:30, дареги: Чүй пр. 207, Профсоюздар үйү, кичи бустар күтүшөт.

Катышуучулар 30 адам, репрессия курмандыктарынын туугандары, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, элчиликтердин жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, активисттер, студенттер, эксперттик форумдун демилгечилери, "Бир Дүйнө-Кыргызстан" адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын фестивалынын эксперттери

***«Чоң-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы» эксперттик форуму***




***"Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплекси*** *2000-жылы түзүлгөн. Анда 1937-40-жылдардагы сталиндик репрессиянын курмандыктарынын жаркын элестери түбөлүккө калтырылган. Бейит Кыргызстандын аймагындагы сталиндик репрессиянын курмандыктары даректүү белгиленген жападан жалгыз жай болуп саналат. Атылгандардын саны 137 адам болгон. Комплекстин аймагында набыт болгондорго, ошондой эле, 1920-1930-жылдардагы өлкө тарыхынын барактарына арналган музей бар.*



**1947-2020**

***Регина Хелимская****- республиканын журналисттер союзунун жана кинематографисттер союзунун мүчөсү. Көп жылдар бою "Советская Киргизия" - "Слово Кыргызстана" гезитинде иштеген. Даректүү тасма, улуттук мамилелер, TV маалыматтар боюнча макалалардын жана китептердин автору. Бирок, анын эң башкы темасы Кыргызстандагы жана дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөгү сталинизм кылмыштарынын бетин ачуу болгон. Анын негизги китеби – “Чоң-Таштын сырлары” Бишкектеги "Илим" басмаканасында 1994-жылы жарык көргөн. Окуяны көргөндөрдүн жана архивдик маалыматтардын негизинде Хелимская көптөгөн жашыруун массалык өлтүрүүлөрдүн экөөсү жөнүндө баяндайт. 1938-жылдын 5 жана 8-ноябрында Чоң-Таштагы катаал кыйноолордон кийин жалган жалаа менен атууга өкүм кылынган 19 улуттун адамдары, сталиндик залимдиктин 137 курмандыгы өлтүрүлгөн. (Александр Тузов, vb.kg)*

**«Чоң-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы» эксперттик форумунун эксперттери жана катышуучулары**



***Нарын Айып*** *(Нарынбек Айыпович Идинов) - «Азаттык» радиосунун Прагадагы кыргыз кызматынын башкы редактору, Прагадагы «АрбатNews» гезитинин башкы редактору болуп иштеген, Бишкектеги «Кабар» улуттук маалымат агенттигинин директору, кийин КТРКда «Ала-Тоо» дирекциясынын директору, НТС аналитикалык программаларынын башкы редактору, «Вечерний Бишкек» гезитинин саясий шеф-редактору, андан кийин Zanoza.kg уюштуруучусу «ПроМедиа» КФнун Президенти. 2018-жылдан бери Бишкектеги «Бешинчи каналдын» башкы директорунун кеңешчиси, телепрограммалардын автору жана алып баруучусу.*



***Курманов Зайнидин Карпекович****– саясатчы, окумуштуу, публицист жана агартуучу, афоризмдердин автору, тарых, политология, юриспруденция жана эл аралык мамилелер боюнча адистешкен. 45 китептин жана 250 илимий макаланын автору. Парламенттин депутаты, Жогорку Кеңештин спикери. Профессор.*



***Кубатова Айида Эсенкуловна****- тарых илимдеринин кандидаты, КРнын УИАнын тарых жана маданий мурастар институтунун ага илимий кызматкери, “Кыргызстандын тарых маселелери” журналынын жооптуу редактору, 2018-жылдан бери КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун XX–XXI к.к. Кыргызстандын тарыхы бөлүмүнүн башчысы. 50дөн ашуун илимий-популярдуу макалалардын, котормо басмаларынын, брошюралардын, анын ичинде 3 монографиянын (экөө биргелешкен авторлукта) автору.*



**Турсунбекова Гульнара Шаабековна -** *"Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин директору. 2003-жылдан башкы адис болуп иштеген. 2006-жылы шаардык Кеңештин депутаттарынын чечими менен директор болуп дайындалган.*




*knews.kg сайтынын сүрөтү*

**Бүбүра Кыдыралиева** - *1938-жылы репрессияланган саясий жана коомдук ишмерлердин курмандыгынын жападан жалгыз күбөсү.*



***Болот Абдрахманов*** *- Ата- Бейит мемориалдык комплексинин башкы илимий кызматкери, мемориалдык комплексти негиздөөчүлөрдүн бири болуп саналат, улуттук коопсуздук органдарынын кызматкери болуп иштөө менен репрессияланган интеллегенциянын сыры коомчулукка жетишине салым кошту.*



***Байдилдеев Жумагул Рыскулбекович****, И. Арабаев атындагы КМУ доценти, 20 илимий-документалдуу китептердин, 100дөн ашык илимий макалалардын (кыргыз, орус, казак жана түрк тилдеринде) автору.*

***«Чоң-Таш: эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын айкындуулугунун башталышы жана уландысы»*** *эксперттик форуму «Бир Дүйнө-Кыргызстан-2020» даректүү тасмалардын эл аралык фестивалынын алкагында Кыргыз Республикасындагы Швейцария элчилигинин техникалык колдоосу менен өткөрүлүүдө. . Бул иш-чара 2020 фестивалынын алкагында жарандык жана саясий укуктар боюнча бир катар эксперттик жолугушууларды ачат.*